# **Тема:** «Тогуз коргоол оюнунун расмий эрежеси жана каражаттары»

**Бул сабактын негизги максаты:**
- дене тарбия жана спорт жаатында кесиптик иш-чараларды жүргүзүүнүн даярдыгын калыптандыруу.

**Билим берүүнүн менеджменти кафедрасынын ага окутуучусу,**
**запастагы полковник**
**Сатаев Алмаз Бейшеналиевич**

# Тогуз коргоол

Тогуз коргоол сабагына киришүү, кыскача тарыхы жана азыркы абалы.

Тогуз коргоол оюнунун расмий эрежеси жана каражаттары.

Тогуз коргоол оюнунун терминдери жана классификациясы.

## *Тогуз коргоол сабагына киришүү, кыскача тарыхы жана азыркы абалы.*





- Тогуз коргоол тууралуу ар кандай уламыштар айтылып келет: -"Манас" эпосунда да тогуз коргоол оюну эскерилип байыртадан эле кыргыз эли ойноп келе жатканы айтылган; -Айрымдардын пикири боюнча бул оюн Орто Азияга ислам жайылган мезгилде (VII-VIII кылымдарда); -Улуу Жибек жолу аркылуу келген.


- Коргоол – бул тоголок, ал эми оюнда өлчөмү жана формасы жагынан кумалакка окшош таштар колдонулган. Эмне үчүн тогуз? Себеби тогуз – көчмөн түрк элдеринин, анын ичинде кыргыздардын ыйык саны. Көчмөн түрк элдери, анын ичинде кыргыздар жоокер эл катары тынчтык мезгилинде тогуз коргоол ойноп, аскердик стратегиялык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүшкөн

## кыскача тарыхы жана азыркы абалы.


- 2005 – жылы КР жалпы билим берүү мекемелерине жана ЖОЖ үчүн окуу программага официалдуу түрдө киргизилген (буйрук БжИМ №576/1 23.08.2005ж.).
- 2005-жылы август айында Кыргыз Мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында улуттук дене тарбия факультети, анын ичинен атайын «Тогуз коргоол» адистиги ачылган.

**Тогуз коргоол** - интеллектуалдык олимпиада оюну. Оюн тез эсептөө, алдын ала көрө билүү жана логиканы өстүрүүдө;

-адамдардын маанилүү мүнөздөрүн, сапаттарын, максатка жетүү, эркинин күчтүүлүгүн, ыкчам ойлонууну, тапкычтыкты, логикалык ой жүгүртүүнү тарбиялайт.




Азыркы стандарт кыргыз тактасы.



# Тогуз коргоол оюнунун расмий эрежеси :

Алдыныздарда “Тогуз коргоол” тактасы турат, “Тогуз коргоол” эки жактан турат: кара жагы жана ак жагы. Ар бир жагында тогуздан үй бар, ар бир үйгө тогуздан коргоол салынат,

- Ошонун натыйжасында ар бир жакта 81 ден коргоол бар, жалпы саны 162 болуп эсептелинет.

- Үйлөр солдон оңго карай бирден тогузка чейинки **сандар** менен белгиленет. Ар бир үйдүн аттары болот, алар: *1 - Куйрук, 2 - Ат өтпөс, 3 - Текилдек, 4 - Далы, 5 - Бел, 6 - Ак колтук, 7 - Эки тишти, 8 - Көк моюн, 9 - Ооз.*

# Тогуз коргоол  оюнунун расмий эрежеси

- Оюн башталышында атандашыбыз менен кол кармашабыз. Башка оюндарга салыштырмалуу чучукулак кармашкандан кийин ак жагы биринчи жүрөт.
- Каалаган үйдөн коргоолдордун баарын алып, ордуна бир коргоол калтырып – калган коргоолдорду саат жебесине каршы жүрө баштайбыз.
- Ар бир уйгө бирден коргоол салып эн акыркы коргоолду карайбыз, эн акыркы коргоол кайсы уйгө түшө турган болсо – ошол үйдүн коргоолдорунун санын карайбыз..., канча коргоол болду?
- Демек эн акыркы коргоол алтынчы үйгө түшүп – коргоолдордун саны 10 болуп чыкты, 10 деген бул **“жуп”** сан деп айтылат.
- **“Жуп”** сан болсо коргоолдордун баарын алабыз да  озүбүздүн казаныбызга салып коебуз. Ошондуктан бул коргоолдор биздин казаныбызга түштү, биздики деп саналат (эсептелинет).

# Жүрүш (ереже):

1

Кезектеги жүрүш кара жактан, ошентип кезеги менен ар бир жүрүшүбүздү жасай беребиз, мынакей акыркы корголубуз тогузунчу үйгө түштү да.... коргоолдордун саны 11 болду, 11 деген бул **“так”** сан болуп эсептелинет, эгерде **“так”** сан болсо ошол бойдон кала берет.

2

Кезектеги жүрүш кара жакта, кара жагы келип эки коргоол алды, эки коргоол **“жуп”** саны болуп эсептелинет ... ошол себептен казанына алып салынат. Кийинки жүрүш....

3

**Туз, анын эрежелери:**

- Оюнда тузду бир гана жолу алса болот. - Тузду алмаштырса болбойт. Алдыныздарда бул коргоолду ...., эмне себептен башка коргоолдордон айырмаланып турат деп, “өзгөчө” деп эсептелинет. Бул **“Туз”** белгиси, **“Туз”** же болбосо **“үй**” деп аталат.

4

“Туздун” эрежеси боюнча кайсы бир үйдө эки коргоол болсо, - азыр алтынчы үйдө эки коргоол жатат ... жүрүп жаткан азыркы коргоол ушу үйгө туш келсе-коргоолдордун санын **“үч”** кылса, демек бул коргоол **“Туз**” деп аталат. Демек бул үйгө өзгөчө коргоолду салып коебуз.

“Туздун” эмне кереги бар,- жүрүп келип жатканда түшө турган коргоол автоматтык түрдө “Туздун” ээсинин казанына түшө берет жана “Тузду” кайсы үйдөн алганга болот. “Тузду” тогузунчу үйлөрдөн алганга болбойт. “Тузду” аттандаш үйдөн алганга болбойт.

Мисалы:- кара жагы алтынчы үйдөн “туз” алды, мен барып кара жактан алтынчы үйдөн “туз” ала албайм. Ким кайсы жагы биринчи “туз”алган болсо, атандашы ошол эле атташ үйдөн “туз” алууга мүнкүн эмес.
- Оюнда тузду бир гана жолу алса болот. - Тузду алмаштырса болбойт.

Жүрүш бир кол менен жасалышы керек. Байды (12 коргоолдон көп) жүргөндө бош колду жардам катары колдонууга болот.

Оюнчунун колу коргоолдорго тийип кетсе ошол үйдөн жүрүүгө мажбур. Эгерде бир нече үйлөрдөгү коргоолдорго колу тийип кетсе, биринчи колу тийген үйдөн жүрүшү керек.

Коргоолдорду оңдош үчүн “оңдойм” деп айтуу керек, ал үйлөрдөн жүрүш жасабай койсо деле болот.

Үйдө бир коргоол болгон учурда ошол коргоол менен жүрүш жасаса болот, коргоол жаткан үй бош калат.

.

## “Тогуз коргоол” оюндун жүрүшүн кагазга түшүрүү

Мисалы: **412-611** Бул жазууну мындай тушунсө болот: 4-үйдөгу 12 коргоол менен жүрүш жасалып, акыркы коргоол 6-үйгө түшүп, ал үйдөгү коргоолдордун саны 11 болду. Бул **жөнөкөй** журуш.

Эгерде жасалган журуш **жеништуу** болсо, анда жазуу: **512:710** болот. Бул журуш 5-үйдөгү 12 коргоол менен жасалып, акыркы коргоол 7-үйгө түшүп, андагы коргоолдордун саны 10 болуп, ошол коргоолдор ээсинин казанына салынды.

Демек жөнөкөй  журуш *сызыкча* (**-**), жеништуу журуш *эки чекит* (**:**) менен белгиленет.

# Ыкма. Айла –амалдар:

## “Ат жетээр” үйлөрдү саноо ыкмалары

- акыркы коргоол кайсыл үйгө жетээрин бат саноо. Ар бир оюнчу өзүнө ыңгайлуу саноо ыкмасын тандайт. Эсептөөнүн бир канча ыкмалары бар; математикалык эсептөөлөр. Эң эле көп колдонулганы “түйүндүү сандар”; 10, 28, 19,37., “артка саноо” болуп эсептелет.

## “Атсыроо”- жүрүшү калбай калуу,

- туз бар жана туз жок учурду эске алуу менен түшүндүрүлөт. Кандай жолдор менен жүрүш санын кыскартпоо керек экенин билүү. Жүрүш өткөрүү, атандашынын жүрүшүн кыскартуу, ж.б. ыкмаларды колдонуу.

## “Жасап жемей” ыкмалары

- 1. Коргоолдорду туура жайгаштыруу,
- 2. “Ат өтпөс” үйдү сөзсүз бир үй кармап туруу.
- 3. Баардык коргоолдорду катыштыруу.

# Оюндун терминдери жана классификациясы

1. Ат — Үйдө жүрүлө турган коргоолдор

2. Күчтүү жүрүш — Коргоолдорду утуу же туз алуу.

3. Жөнөкөй жүрүш — Акыркы коргоол түшкөн үйдө коргоолдун саны так болуп калса, коргоол алынбайт

# Оюндун терминдери жана классификациясы

| | |
|---|---|
| **Аракеттүү коргоолдор** | **Атаандашынын үйлөрүнө жетүүчү коргоолдор, туз алуу же коргоол утуу коркунучун түзүүчү коргоолдор.** |
| **Аракети начар коргоолдор** | Атаандашынын үйлөрүнө жетпөөчү же ашып кетүүчү коргоолдор. Атаанадашына коркунуч түзбөөчү коргоолдор. |
| **Аргасыз жүрүш** | Коргоолдорду уттуруунун же тузду алдыруунун негизинде жасалуучу жүрүш, курмандыкты четтетүү мүмкүн эмес болгон учур. |
| **"Куйрук жак"** | Оюнчунун сол жагында жайгашкан 1-3 үйлөр. |
| **«Бел жак»** | Тактанын ортосундагы 4-6 үйлөр. |
| **"Ооз жак"** | Оюнчунун оң жагында жайгашкан 7-9 үйлөр. |
| **Ак жагы** | Жүрүштү биринчи жасоочу, оюнду баштоочу, тактанын ак жагында ойноочу оюнчу. |
| **Кара жагы** | Жүрүштү экинчи жасоочу, баштоочуга жооп берүүчү, тактанын кара жагында ойноочу оюнчу. |
| **Казан** | Утуп алган коргоолдорду жыйноо үчүн тактанын ортосунда жайгашкан эки чоң оюкча, ар бир оюнчунун казаны өз жагында оң тарабында жайгашкан. |

**Адабияттар**

1. Пантусов Н. Киргизкая игра тогыз кумалак. Известия Общества археологий, историй и этнографий при Казанском университете, Казан,Россия, 1906.
2. Алмаши А. Путешествия в сердце Азии. 1903.
3. Айдаркулов К. Кыргызстан маданияты. 11.12.1986, №50, 14 б.
4. Акшораев А. Молодость древней игры тогызкумалак. Тараз, 2000. стр.32-54
5. Маккей Э. Древнейшая культура долины Инда. Изд, инос. лит. 1957. стр.7
6. Орозобаков Т., Чылымов А. Тогуз коргоол. Бишкек, 1999.стр. 88-89
7. Анаркулов Х. Кыргыз эл оюндары. Бишкек, «Кыргызстан», 1991.
8. Филин В.П. Тренировка спортсменов. - М.: Физкультура и спорт, 1965
9. Ашмарин Б.А. Теория и методика педагогических исследований в физическом воспитании. - М.: Физкультура и спорт,1978.
10. Курманкулов Н. Контрозащита Курманкулова. А., 1999.
11. Спортивные игры для институтов физической культуры / Под ред. Железняка Ю.Д., Портного Ю.Н. - М.: ФиС. - 2001
12. Анаркулов Х. Кыргыз эл оюндары. Бишкек, «Кыргызстан», 1993.
13. Сейтжанов А. «9 лет в тогызкумалак». - А.; Типография «Центр Элит» 2006.
14. Василюк Е.Ф. Психология переживаний. Анализ критических ситуаций. - М.: Физкультура и спорт. - 2004.
15. Акшораев А., Жунысбаев Н. Тогызкумалак. - А - А.: «Мектеп» 1980.
16. Кийзбаев М.С. «Тогуз коргоол», Бишкек-2012.
17. Абдуллаев М., Кийзбаев М.С., Акматов Ч. «Улуттук оюндар», Бишкек-2011.

# Көнүл бурганыныздарга рахмат!

**Материалдарды төмөку даректен алсаныздар болот:**



Imzsataev@gmail.com